# Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин гуманитардык усулдук бирикменин 2020-2021-окуу жылына берилген анализ:

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде гуманитардык усулдук бирикмеде 8мугалим иштеп,билим берип келишти.Ар бир мугалим өзүнө тиешелүү сааттар боюнча сабактарды беришти.Анын ичинен «Билим берүүнүн мыктысы»Усубалиева Д.З. ,Батмусаева Э.С.Базаркулова А.Ж.-орус тили жана адабияты мугалимдери,Турдубаева С.К.,Өмүрбек кызы Акылай,Кадырова Б.Б.-кыргыз тили жана адабияты мугалимдери,Бейшембиева Э.М.,Аскерова Б.А.-чет тили мугалимдери.

1-жарым жылдыкта гуманитардык усулдук бирикменин планы боюнча ачык сабактар өтүлдү.Ар бир сабактарга катышып ,усулдук бирикме башчысы анализ берди.Мугалимдер сабактарын жаны интерактивдүү ыкмалар менен өтүүгө аракеттеништи.Сабактардын максаттарын коюу менен окуучуларга түшүнүктүү жеткиликтүү өтүштү.

6-класска кыргыз тили сабагын Өмүрбек кызы Акылай «Жөндчөмөлөр» деген темада өттү.Аскерова Б.А. 9-класска «My family»деген темада ачык сабак өттү.Кадырова Б.Б. «Эне тилим эчен кылым карыткан,эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан»атуу темада ачык сабак өттү.Батмусаева Э.С. 7-класска орус тили сабагынан «Краткая формакачественных прилагательных»деген темада сабак өттү.Калган мугалимдер да 1-жарым жылдыкка жана 2-жарым жылдыкка карата ачык сабактарын өтүштү.Сабактар көрсөтмө куралдар менен,жаш мугалимдер ТСО колдонуп,проектор менен сабактарды жаны инновациялык ыкмалар менен өтүүгө аракеттеништи.Чыгармачылык менен карточкаларды жасашып,ар бир темада плакаттарды,интернет маалыма булактарынан алынган маалыматтарды чогу бирдикте пайдаланышты.Окуучулардын сабакка кызыгуусун ойготуп ,дискуссия жаратып жатышты.Сабактын максаттары туура окуучунун позициясынан коюлду. жөндөмдү окуучулар менен ийримдердин иштерин жетектешет.

Сентябрь айында мамлекеттик тилдин 3 айлыгы жарыяланып,ага мектеп окуучулары менен мугалимдер онлайн формада иш чараларды өтүштү.Анда окуучулар ырларды жаратышты,эссе,дилбаян сынактары болду.Женүүчүлөргө онлайн мактоо баракчалары,грамоталар берилип атты.

Ошондой эле план боюнча октябрь айында окуучулардын сабаттуулугун арттыруу боюнча онлайн сынак жарыяланды,анда окуучулар китептен чыгармаларды көчүрүп ватсапп,телеграмм аркылуу жөнөтүп жатышты

Ноябрь айында мамлекеттик тилдини 3айлыгын жыйынтыктоо максатында окуучулар кыска кинолорду тартышты.

Декабрь айында окуучуларды зоналдык олимпиадаларга даярдоо иштери болуп жатты.Орус тили предмети боюнча декадалар өтүлүп,КВН,викториналык суроолор ж.б. иш чаралар уюштурулуп ,женүүчүлөргө грамоталар берилип атты.

Февраль айында англис тили боюнча декадалар өтүлдү,анда залга тапшырмалар илинди:кроссворд,сканворд ,аннаграмма,логикалык тапшырмалар.Ошондой эле ийримдердин иш абалы текшерилип турду.

**Мындан тышкары ар бир мугалимдин кыскача анализдери:**

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин орус тили жана адабияты мугалими Усубалиева Дамира Зарылбековна 2020-2021-окуу жылында аткарган иштеринин жылдык анализи.

1987 -жылдан бери Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде иштеп келет. Жумалык жүктөм 24саатты туздү. Жыл башында календардык план мектеп администрациясы тарабынан бекитилген. Жыл башында жөндөмдүү жана жетишпеген окуучулар боюнча план түзүлүп,атайын бекитилген. Ага жалпы 13 окуучу катышкан. Жөндөмдүү окуучулар өз алдынча иштерди аткарышып, жомокторду ,кластерлерди жасашып, атайын видеолорду жасашып активдүү катышышты. Ал эми жетишпеген окуучулар менен көбүнчө кол жазмаларына, талдоолорго басым жасалса, адабияттан көркөм окуу, класстер , синквейн, венндин диограммасы сыяктуу иштер аткарылды. Окуучулар атайын кошумча дептер ачышып,мугалим тарабынан текшерилип турду.

Орус тили жана адабияты сабагы убагында өтүлүп, ар кандай иш чаралар уюштурулуп турду. Февраль айында орус тили жумалыгы болуп өттү, атайын план түзүлүп, бекитилди. Ага 5-11 класска чейин окуучулар активдүү катышышты. Жумалыктын жыйынтыгында окуучулар арасында КВН өтүлдү. Жыйынтыктап айтканда, жыл башында пландалган иштер аткарылды.

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин орус тили жана адабияты мугалими Батмусаева Эльвира Сагынбековна 2020-2021-окуу жылында аткарган иштеринин жылдык анализи.

2016-жылдан бери Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде иштеп келет. Жумалык жүктөм 12 саатты туздү. Жыл башында календардык план мектеп администрациясы тарабынан бекитилген. Жыл башында жөндөмдүү жана жетишпеген окуучулар боюнча план түзүлүп,атайын бекитилген. Ага жалпы 13 окуучу катышкан. Жөндөмдүү окуучулар өз алдынча иштерди аткарышып, доклад, дилбаян жазышып, атайын видеолорду жасашып активдүү катышышты. Ал эми жетишпеген окуучулар менен көбүнчө кол жазмаларына, талдоолорго басым жасалса, адабияттан көркөм окуу, класстер , синквейн, венндин диограммасы сыяктуу иштер аткарылды. Окуучулар атайын кошумча дептер ачышып,мугалим тарабынан текшерилип турду.

3-чейректе райондук олимпиада болуп атайын план түзүлүп олимпиадага даярдык көрүлдү. Ага 10-класстын окуучусу Даниярова Зауре барып катышып, жакшы деген баллды алып келди.

Орус тили жана адабияты сабагы убагында өтүлүп, ар кандай иш чаралар уюштурулуп турду. Февраль айында орус тили жумалыгы болуп өттү, атайын план түзүлүп, бекитилди. Ага 5-11 класска чейин окуучулар активдүү катышышты.

Жумалыктын жыйынтыгында окуучулар арасында КВН өтүлдү. Жыйынтыктап айтканда, жыл башында пландалган иштер аткарылды.

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин орус тили жана адабияты мугалими Базаркулова Айгерим Жолчубаевна 2020-2021-окуу жылында аткарган иштеринин жылдык анализи.

2015-жылдан бери Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде иштеп келет. Жумалык жүктөм 15 саатты туздү. Жыл башында календардык план мектеп администрациясы тарабынан бекитилген. Жыл башында жөндөмдүү жана жетишпеген окуучулар боюнча план түзүлүп,атайын бекитилген. Ага жалпы 14 окуучу катышкан. Жөндөмдүү окуучулар өз алдынча иштерди аткарышып, доклад, дилбаян жазышып, атайын видеолорду жасашып активдүү катышышты. Ал эми жетишпеген окуучулар менен көбүнчө кол жазмаларына, талдоолорго басым жасалса, адабияттан көркөм окуу, класстер , синквейн, венндин диограммасы сыяктуу иштер аткарылды. Окуучулар атайын кошумча дептер ачышып,мугалим тарабынан текшерилип турду.

3-чейректе райондук олимпиада болуп атайын план түзүлүп олимпиадага даярдык көрүлдү. Ага 9-класстын окуучусу Жамалиева Нурия барып катышып, 3-орунга ээ болду.

Орус тили жана адабияты сабагы убагында өтүлүп, ар кандай иш чаралар уюштурулуп турду. Февраль айында орус тили жумалыгы болуп өттү, атайын план түзүлүп, бекитилди. Ага 5-11 класска чейин окуучулар активдүү катышышты. Жумалыктын жыйынтыгында окуучулар арасында КВН өтүлдү. Жыйынтыктап айтканда, жыл башында пландалган иштер аткарылды.

**Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин 2020-2021-окуу жылында 4 “а”,4 “б”,6 “а”, 6”б”,7-класстардын англис тили сабагы боюнча берилген жылдык анализи.**

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде 4”а”.4”б”,6”а”,6”б”,7-класстарга 3-классынан баштап сабак берип келет.Бул класстарга жумасына 2 саат болот.Алсак 4”а”-класс абдан активдүү,берилген тапшырманы убагында аткарышкан окуучулар.Бирок былтыркы 2019-жылга салыштырмалуу (пандемияга карата)онлайн окугандыктан балдардын билим сапаты төмөндөп кетти.Мурда отличник жана ударник окуучулар көп болсо азыр 2-3-эле окуучу болуп калды.4-класстардын жаны китеби ,автору А.Г.Фатнева,Г.Д.Назарбекованын китеби менен окуйбуз .Бул китепте абдан жакшы тексттер жана грамматикалык көнүгүүлөр берилген.Окуучуларга жеткиликтүү жана абдан түшүнүктүү.Берилген тексттерде грамматика камтылган,окуучулар өздөрү талдап ,таап чыгышы керек.4-класстар “To be”, “to have”, “Present Simple”, “Present Continuous” грамматмкаларын өтүп бүттүк.4”а”-класста мыкты окуган окуучулар Сатыбалдиев Нурель,Усенов Азим,Сагынова Аделя ал эми тырышчаак жана аракетчил балдар булар Шералиева Айгерим,Асанжанова Арууке.

4”б”-класстан Акимкожоева Самира,Ишенбаев Нурбол,Омургазиева Малика,Сутенова Алтынай,Турсунбаева Дасмия жакшы окушат ,ал эми калган балдардын бары аракети жакшы, аракетчил

6“а” жана 6”б”-класстарды алсак жумасына 4 сааттан болот,бул класстын окуучулары абан активдүү, тырышчаак,берилген тапшырмаларды өз убагында аткарганга аракет кылышат.Стандартка байланыштуу бул класстарга 3-жыл мурун жаны китеп чыккан,авторлору Р.О.Балута,Абдышева Ч. А.Окуучулардын билим денгээли жакшы десем болот.Бул класстар менен грамматиканын женилинен баштап ,тагыраак айтканда чактарды “Present Simple”, “ Past Simple”, “ Future Simple”, “ Present Continuous”, “Past Continuous”, “Future Continuous”, “Present Perfect” грамматикасына жеттик.Текстерге жана грамматикалык тапшырмаларга ылайыктуу видеосабактар көргөзүлүп турат. Жогорудагы айтылган грамматиканы (чактарды) окуучулар жакшы өздөштүрүштү.Текстерди окуп,жаттаганга создор берилет,тексти которуп кыскача айтып бере алышат,суроолорго жооп бере алышат,өздөрү жөнүндө кенири айта алышат.6”а”-класста мыкты окуган окуучулар Жамалиева Алдина,Жамалиева Назима,Омургазиева Адинай,Асанкадырова Канышай.Ал эми аракетчил,тырышчаак окуучулар Акимкожоева Асема,Беккожоева Мархаба,Калдыкова Малика.Калган окуучулар орто ,ортодон жогору окушат.

6”б”-класстын билим денгээли жакшы.Активдүү окуучулар көп,берилген тапшырмаларды убагында аткарышат.Мыкты окуган окуучулар Омургазиев Ислам,Омургазиева Сауле,Осмонова Каухар,Жумашова Нурай,Жамалиев Нурдан,МАзарбеков Амин.Ал эми аракетчил окуучулар Акашова Алия,Асаналиева Нуржан,Кадырбеова Адиана.Бул класста чейректик диагностиканы салыштырганда өсүү, кемүү болгон жок. Мисалы биринчи ,экинчи чейректе “4” деген баа алышса ,кийинки чейректерде “5” деген баага жогорулады.Бул эки класстын билим сапаты төмөндөгүдөй болду.

| **Класс** | **1-чей** | **2-чей** | **3-чей** | **4-чей** | **Жылдык** |
|---|---|---|---|---|---|
| **6”а”-кл** | **31,2 %** | **31,2%** | **37,5 %** | **37,5 %** | **37,5 %** |
| **6”б”-кл** | **52,9 %** | **52,9 %** | **52,9%** | **52,9 %** | **52,9 %** |

7-класста жумасына 3 сааттан болот.Жаны китептин автору Ч.А.Абдышева,О.Р.Балута.Балдардын билим денгээлине салыштырмалуу бул китеп оорураак.Көп сөздөрдү окуучулар которо алышпайт,себеби китептин словарында да жок.Телефондон которууга туура келет.Китеп жок болгондугуна байланыштуу окуучулар туугандарынан сураштырып же сатып алууга туура келүүдө.Мисалы 3-4 бала окуткан ата-энелер сатып бере алышкан жок.Болгону 6-7 китеп менен окудук.Жогоруда айтып өткөндөй грамматикалардын(чактарды) бардык түрлөрүн өтүп бүттүк. “Passive voice”грамматикасына жеттик.Бул грамматиканы түшүндүрүүдө видеосабактын жардамы менен түшүндүрүү женил.Бирок ар кандай кыйынчылыктарга карабастан окуучулар берилген тапшырмаларды телефондон карап аткарып жатышты.Китеби жок окуучуларга Whatsapp аркылуу тапшырмалар салынып турду.Бул класстын билим денгээли төмөндөгүдөй болду

| **Класс** | **1-чей** | **2-чей** | **3-чей** | **4-чей** | **Жылдык** |
|---|---|---|---|---|---|
| **7-класс** | **38 %** | **42 ,8 %** | **47,6 %** | **42,8 %** | **42, 8 %** |

Окуучулар 4-чейректе ар кандай себептерге байланыштуу сабакты көп калтыргандыктан билим сапаты 4-чейректе 5 % төмөндөдү .

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Омурбек кызы Акылай 2020-2021-окуу жылында аткарган иштеринин жылдык анализи.

2008-жылдан бери Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде иштеп келем. Быйылкы окуу жылында жумалык жүктөм 23 саатты туздү. Жыл башында календардык план мектеп администрациясы тарабынан бекитилген. Жыл башында жөндөмдүү жана кошумча сабак талап кылган окуучулар боюнча план түзүлүп,атайын бекитилген. Ага жалпы 14 окуучу катышкан. Жөндөмдүү окуучулар өз алдынча иштерди аткарышып, доклад, дилбаян жазышып, атайын видеолорду жасашып активдүү катышышты. Ал эми кошумча сабак талап кылган окуучулар менен көбүнчө кол жазмаларына, талдоолорго басым жасалса, адабияттан көркөм окуу, класстер , синквейн, венндин диограммасы сыяктуу иштер аткарылды. Окуучулар атайын кошумча дептер ачышып,мугалим тарабынан текшерилип турду.

3-чейректе райондук олимпиада болуп атайын план түзүлүп олимпиадага даярдык көрүлдү. Ага 10-класстын окуучусу Осмонова Нуркыз барып катышып, 2-орунга ээ болуп,облусттук олимпиадага жолдомо алды.

Кыргыз тили жана адабияты сабагы убагында өтүлүп, ар кандай иш чаралар уюштурулуп турду. Февраль айында эне тил кунуно карата салтанаттуу линейка болуп өттү, атайын план түзүлүп, бекитилди. Ага 5-11 класска чейин окуучулар активдүү катышышты.Жыйынтыктап айтканда, жыл башында пландалган иштер аткарылды.

**Кийинки окуу жылына келип чыккан көйгөйлөр:**

1.Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана кызыктыруу максатында ар кандай иш чараларды ,мисалы жомокторду,конкурстарды,кечелерди ж.б уюштуруу

2.Сабактарды кызыктуу өтүү үчүн мугалим өзү изденүүсү абзел,ар кандай интерактивдүү методдорду колдонуу зарыл.

3.Класстар арасында таймаштарды окуучулардын билим денгээлине жана жаш өзгөчөлүгүнө жараша уюштуруу.

4.УБнын пландарын өз убагында, так аткаруу.

5.Жакшы иштеген мугалимдердин ишин баалоо.

6.Гуманитардык багыттагы предметтер боюнча окуучулардын билим деңгээлин 2%га жогорулатуу.

7.Мамлекеттик стандарттын негизинде окутуунун жаны усулдарын колдонуу.

8.Окутуу учурунда ТСОнун ,проектордун жардамы аркылуу окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүү.

9.Усулдук бирикмеде семинар-тренингдерди уюштуруу.

10.Райондук олимпиададан орунга жетиштирүү

**БЕКИТИЛДИ:**

**Мектеп директору _____________А.Мукамбетова**

**«01»сентябрь 2021-жыл**

## Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы гуманитардык багыттагы усулдук бирикменин жылдык иш планы:

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну : | Мөөнөтү | Жооптуулар: |
|---|---|---|---|
| 1 | 2020-2021-окуу жылына анализ берүү<br>Жаңы окуу жылына иш жүргүзүү<br>Предмет боюнча календардык планды түзүп чыгуу<br>Жөндөмдүү,кошумча сабак талап кылган окуучулар менен иштөөнү ,ийримердин планын тактоо<br>Айлыктардын планын тактоо<br>Ачык сабактардын графигин коюп чыгуу<br>«Аялуу жан сырын адам дилинде айта алат бир гана эне тилинде»тил жумалыгын белгилөө | сентябрь | УБ жетекчи<br><br><br><br>УБ мугалимдери<br>Кыргыз тилчи мугалимдер |
| 2 | К.Тыныстанов,С.Каралаев,Ж.Абдрахмановдун 120 жылдыгын белгилөө<br>Сабаттуулукту арттырабыз<br>окуучулардын жазуу иштерине көңүл бөлүү<br>Билим берүү багытындагы заманбап технологиялары жана усулдары (семинар) | октябрь | УБ жетекчи |
| 3 | УБнын мугалимдерине 1-чейректин жыйынтыгы боюнча анализ берүү<br>Семинар «Баалоо критерийлери»<br>Мектепте мини-олимпиадаларды өтүү<br>1-чейрек боюнча гуманитардык предметтер боюнча билим сапаты | ноябрь | УБ жетекчи<br>Кыргыз тилчи мугалимдер<br>УБ мугалимдери |
| 4 | Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча интеллектуалдуу сынактарды уюштуруу Зоналдык олимпиадаларга окуучуларды даярдоо<br>Семинар өтүү «Сабакка максаттардын туура коюлушу»<br><br>Ачык сабактардын берилишин текшерүү | декабрь | УБ жетекчи<br>орус тилчи мугалимдер |
| 5 | 1-жарым жылдыктын жыйынтыгын мониторинги<br>Англис тили боюнча декада өткөрүү<br>Англис тили сабагы боюнча ачык сабактардын берилиши | январь | УБ жетекчи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Предметтик олимпиадалардын жыйынтыгы<br>Окуучулардын жазуу иштерин текшерүү<br>2-жарым жылдыкка ачык сабактардын графиги<br>Семинар | | |
| **6** | Орус тили предмети боюнча декада өтүү<br>Орус адабиятында Ч Айтматовдун чыгармалары сынак өткөрүү<br>Ийримдердин иш абалын текшерүү<br>Дүйнөлүк эне тил күнүн белгилөө | февраль | УБжетекчи<br>Англис тилчи мугалимдер |
| **7** | Окуучулардын №1 №2 №3 дептерлерин текшерүү<br>Окуу техникасын алуу окуп түшүнгөнүн текшерүү<br>Тесттерди алып,билим денгээлин текшерүү | март | УБжетекчи |
| **8** | Интерактивдүү ыкмаларды колдонуп, ТСО менен ачык сабактардын өтүү<br>Жаш мугалимдердин иштерин текшерүү<br>Өз ара сабактарга катышуусун текшерүү | апрель | УБжетекчи |
| **9** | УБ мугалимдеринин чыгармачылык отчету<br>Ийримдердин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы<br>Декадалардын рейтингин чыгаруу<br>УБнын ишин жыйынтыктоо,отчет берүү | май | УБ жетекчи |

**Түзгөн** **Өмүрбек к.Акылай**